# «БАКАЙ БАНК» ААКтын Корпоративдик кодекси

## Мазмуну


1. **Жалпы жоболор**............1
2. **Банктын миссиясы жана максаты**............1
3. **Негизки корпоративдик баалуулуктар жана принциптер**............2
4. **Кызыкчылыктардын кагылышы**............3
5. **Корпоративдик өзүн-өзү алып жүрүүнүн негизги принциптери**............3
6. **Корпоративдик этика**............4
7. **Корпоративдик стиль**............7
8. **Банктын мүлкүнүн сакталышын камсыздоо**............7
9. **Коррупцияга каршы туруу маданияты**............8
10. **Ушул Кодекстин талаптарынын бузулушу**............9
11. **Корутунду жоболор**............9


## 1. Жалпы жоболор

1. “БАКАЙ БАНК” ААКтын Корпоративдик кодекси “БАКАЙ БАНК” ААКтын (мындан ары – Банк) ишмердигинин жана анын кызматкерлеринин өзүн-өзү алып жүрүүлөрүнүн этикалык ченемдерди сактоого, кардарларды тейлөө сапатын, Банктын кадырын жогорулатууга, анын иштиктүү беделин бекемдөөгө, пайданы жогорулатууга, финансылык турктуулуктун сакталышына жана бүтүндөй Банктын натыйжалуулугун бекемдөөгө багытталган стандарттарын аныктайт.

2. Банктын күнүмдүк ишмердигине Банк кызматкерлеринин корпоративдик өзүн алып жүрүүлөрүнүн талапатагыдай ченемдерин, эл аралык стандарттарга жооп берүүчү, Банктын ийгиликтүү өнүгүүсүн, анын стратегиялык максаттарынын ишке ашырылышын өбөлгөлөй турган кесипкөй жана иштиктүү этиканы түзүү жана ишке киргизүү - “БАКАЙ БАНК” ААКтын Корпоративдик кодексинин (мындан ары – Кодекс) максаты болуп саналат.

3. Бардык кызматкерлер Банктын атынан иш алып барышкан учурларында ушул Кодексте камтылган стандарттарды сактоолору керек.

4. Ушул Кодекстин ченемдери Банк кызматкерлеринин, акционерлеринин, кардарларынын жана башка кызыкдар адамдарынын алдында Банктын оң образын түзүүгө, ошондой эле кредиторлордун, аманатчылардын жана акционерлердин кызыкчылыктарын коргоого, Банктын Уставына ылайык Банктын туруктуу өсүүсүн, финансылык оң натыйжаларга жетүүсүн колдоого багытталган.

## 2. Банктын миссиясы жана максаты

5. Банктын миссиясы –мыкты банктык кызматтарды көрсөтүү үчүн биз бардык ресурстарыбызды жана тажрыйбабызды жумшайбыз, анткени ар бир кардар биз үчүн – биздин өнөктөшүбүз болуп саналат.

6. Банк алдыга өнүгүүгө жана мыкты болуу жолуна ар дайым умтулууга, кардарлардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ишмердикти оптимизациялоого аракет кылат. Банк заманбап коомдун жашоосунун эң жогорку талаптарына жооп бере турган жогорку сапаттагы продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоонун натыйжалуу системасын түзүү үчүн бардык аракеттерин жумшайт.

7. Банк өзүнүн наркын тынымсыз түрдө жогорулатуу менен жогорку деңгээлдеги киреше алып турууну көздөйт. Ошол эле учурда бардык бизнес-процесстердин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу – максатка жетүүнүн зарыл шарты болуп саналат.

## 3. Негизги корпоративдик баалуулуктар жана принциптер

8. Негизги корпоративдик баалуулуктар:
- МЕН/БИЗ – активдүүбүз жана дымактуубуз;
- Кардарларыбыз жана кызматкерлерибиз үчүн ыңгайлуулук түзүүнү жана ишеним жаратууну башкача жол менен жүзөгө ашырабыз;
- Биздин максаттарыбызды ишке ашыруу үчүн инновациялык чечимдерди киргизебиз;
- Банктын ийгилиги мыкты уюшулган командадан жана Банктын комплекстүү өнүгүүсүнөн көз каранды.

9. Банктын ушул Кодекс негиз катары таянган негизги корпоративдик баалуулуктары жана коммерциялык ишмердигинин принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

9.1. **Инсанды сыйлоо.** Банк жынысына, расасына, улутуна, социалдык абалына, саясий көз караштарына жана укуктук статусуна карабастан, адамдын укуктарын жана эркиндигин сыйлайт – аларды сактоо Банк үчүн эң маанилүү баалуулук болуп саналат. Банк жана анын кызматкерлери Банктын кардарлары болуп саналышкан жарандар жана юридикалык жактар, коом жана мамлекет алдындагы жарандык жана кесиптик милдеттерин толук түшүнүшөт.

9.2. **Бедел.** Кынтыксыз бедел – Банктын негизги жетишкендиги жана эң жогорку баалуулугу, анын өнүгүүсүнүн жана туруктуулугунун негизи. Банк өзүнүн беделин бекем тутат, ал үчүн Банктын корпоративдик баалуулуктары сакталып, күнүмдүк иштерде туруктуу негизде сакталышы жана колдонулушу керек.

9.3. **Чынчылдык жана өз ара сыйлоочулук.** Банк кардарлар, кызматкерлер, иштиктүү өнөктөштөр, мамлекеттик органдардын жана муниципалдык бийликтин өкүлдөрү менен өз ара мамилени чынчылдык жана өз ара сыйлоочулук принциптеринин негизинде түзөт. Банк алардык баалулуктар жана позицияларын сыйлайт, алар менен кесипкөйлүк байланышты өз ара көмөк көрсөтүү жана өз ара пайдалуу кызматташтык негизинде түзөт жана өнүктүрөт.

9.4. **Купуялуулук** – Банктын жетекчилери жана кызматкерлери кызматтык милдеттерин аткарып жаткан учурда аларга белгилүү болуп калган купуялуу маалыматтарды ачыкка чыгарышпайт. Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) колдонуудагы мыйзамдарында жана келишимдик мамилелерде каралган учурларды эске албаганда, Банктын кардарлары жана өнөктөштөрү өздөрү жана алардын ишмердиги жөнүндөгү маалыматтар купуялуу экендигине жана ал маалыматтар ачыкка чыкпай тургандыгына ишенсе болот. Банкта маалыматтын купуялуулугу жөнүндөгү маселелер *"БАКАЙ БАНК" ААКта жайылтылышы чектелген маалыматтардын сакталышын камсыздоонун эрежелерине, "БАКАЙ БАНК" ААКта кызматкерлер үчүн маалыматтык коопсуздугун сактоо боюнча тартипке, "БАКАЙ БАНК" ААКта маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча эрежелерге* ылайык жөнгө салынат.

9.5. **Адилеттүүлүк.** Банк ар бир жаранга сый мамиле кылат. Жумушка кабыл алууда жана/же кызматка дайындоодо, ошондой эле материалдык дем берүүдө негизсиз артыкчылыктарды берүүгө жол берилбейт.

9.6. **Мыйзамдуулук жана жоопкерчилик.** Банк жалпы кабыл алынган прицниптерди жана КР колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, эл аралык укуктарды, ушул Кодекстин жоболорун жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарын кыйшаюусуз сактоого аракет кылат.

Банк акционерлер алдында өз ишмердигинин жыйынтыгы үчүн, кардарлар алдында – банктык кызматтардын сапаты үчүн, иштиктүү өнөктөштөр алдында – өз милдеттенмелеринин талаптагыдай деңгээлде аткарылышы үчүн, коом жана мамлекет алдында – инсанды, анын укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоо, өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнө салым кошуу үчүн жоопту болуп саналат.

9.7. **Кардарлардын муктаждыктарын канааттандыруу.** Кардарларга жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо менен алардын муктаждыктарын канааттандыруу – Банктын маанилүү баалуулуктарынын бири болуп саналат.

9.8. **Жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүү жана кесипкөйлүк**. Банк өз кардарларына сапаттын жогорку стандарттарына жооп бере турган кызматтарды сунуштоого, ошондой эле рыноктук адилеттүү тарифтерди белгилөөгө аракет кылат. Банк ар дайым жакшырып турууга, новаторлукка аракет жасап, натыйжалуу иштөө үчүн мыкты каражаттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү издейт.

Банк өзүнө эң аз дегенде төмөнкү милдеттенмелерди алат:

– өз ишинде кардарга сый менен, чынчылдык менен жана ачык мамиле жасоо;
– бардык адамдарга кызмат көрсөтүү, ошол эле учурда социалдык, расалык белгиси, улуту, тили же диний көз карашы, жынысы, жашаган жери, көз карашы, коомдук бирикмелерге таандыктыгы боюнча боюнча бөлүүлөргө жол бербейт;
– кардардын кызыкчылыгына жогорку даражада жооп берген кызматтарды тандоого жардам көрөсөтүү;
– сунушталган кызмат көрсөтүүлөр КР колдонуудагы мыйзамдарына шайкеш келерине кепилдик берүү;
– көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы алууда, ошол кызматтардын өлчөмүнө, сапатына жана татаалдыгына жооп берген акы алуу.

9.9. **Ишке берилгендик.** Банктын кызматкерлери жалпы ишке берилишкен жана алдыга коюлган максаттарга жетүүгө аракет кылышат.

9.10. **Ачыктык.** Банк кардарлар, иштиктүү өнөктөштөр, мамлекеттик жана муниципалдык органдар, акционерлер, кызматкерлер үчүн ишмердиктин ачык жана айкын болуу саясатын карманат, ошондой эле кардарлар, иштиктүү өнөктөштөр менен өз мамилелерин урматтоо, тең укуктуу жана ачык шарттарда курат. Банк коммуникациянын бардык жеткиликтүү каналдарын колдонууга аракет кылат (маалымдоо усулдары): басылмалар, телерадио берүүлөр, ошондой эле Банк тууралуу ачык маалыматтарга карата кызыкдар адамдардын эркин жеткиликтүүлүгү үчүн Интернет.

9.11. **Эмгектин коопсуздугу жана натыйжалуулугу.**. Банк үчүнчү жактар тарабынан кардарлар, иштиктүү өнөктөштөргө, акционерлерге жана кызматкерлерге карата кандай болбосун мыйзамга каршы аракеттерди болтурбоо үчүн бардык керектүү чараларды колдонот. Банк өз кызматкерлеринин эмгегинин натыйжалуулугун жана коопсуздугун камсыздоочу шарттарды түзүүгө, ошондой эле алардын ден-соолуктарынын талаптагыдай деңгээлде сакталышына өзгөчө көңүл бурат.

9.12. **Кирешелелүүлүк.** Киреше алуу Банктын туруктуу өнүгүүсүн камсыздайт жана акционерлердин дивиденддерди алуу укугун жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет.

## 4. Кызыкчылыктардын кагылышы

10. Банктын кызматкерлеринин жеке кызыкчылыгы чечим кабыл алуу процессине таасир берип, Банктын кызыкчылыктарына зыяна алып келе турган болсо, кызыкчылыктардын кагылышы келип чыгат.

11. Банктын кызматкерлери кызыкчылыктардын кагылышы келип чыгуусу мүмкүн экендиги тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине билдириши керек.

12. Банктын кызматкерлери кызыкчылыктардын кагылышына түз же кыйыр түрдө алып келүүсү мүмкүн болгон маалыматты “*БАКАЙ БАНК” ААКта кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндөгө жобонун* ченемдерине ылайык толук бойдон ачыктоолору керек.

## 5. Корпоративдик өзүн-өзү алып жүрүүнүн негизги принциптери

13. Корпоративдик өзүн-өзү алып жүрүүнүн жана этиканын принциптери өзүнө төмөнкү негизги багыттарды камыйт – кызматкерлер, иштиктүү өнөктөштөр, мамлекеттик органдар жана коомчулук менен мамилелер.

14. Банк өз ишмердигинин бардык аспекттеринде этиканын принциптерин сактоого аракет кылат, ошол эле учурда Банк өзүнө аткарыла турган милдеттенмелерди кабыл алат, ал эми кабыл алынган милдеттенмелерди өз мөөнөтүндө аткарат.

15. Банк кызматкерлер менен узак мөөнөттүү кызматташуу, өз ара сый-урмат жана өз милдеттенмелердин кыйшаюусуз аткарылыш принциптериндеги мамилелерди түзөт.

16. Банк кызматкерлерди жумушка кабыл алууда алардын саясий, диний, көз караштарына, улутуна жана кесипкөйлүк сапатын тиешеси жок башка белгилери боюнча кандайдыр бир басмырлоонун болуусуна жол бербейт.

17. Банк ден-соолукту коргоого багытталган чараларды кабыл алып турат, ошондой эле кызматкерлердин укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдей болуу шарттарында алардын эмгек шарттарын жакшыртууга, коопсуздуктарын камсыздоого багытталган жаңы технологияларды киргизип турат.

18. Банк кызматкерлердин кесипкөйлүк жактан өсүүсү, алардын социалдык бакубаттуулугун камсыздоо үчүн бардык керектүү шарттарды түзөт.

19. Банк кызматкерлердин Банктын жашоосуна активдүү катышууларын кубаттайт, мунун өзү корпоративдик маданияттын жана ички кызматташуунун өнүгүүсүн шарттайт.

20. Банк кардарлар менен узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилелерди курууга жана аларды ар тараптуу өнүктүрүүгө кызыкдар. Банк кардарларды тейлөө системасын жакшыртуунун үстүндө тынымсыз иш алып барат, банктык кызматтардын жаңы формаларын жана түрлөрүн иштеп чыгып, ишке ашырып турат, кардарлардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана аларды тейлөөнүн эң ыңгайлуу шарттарын түзүүгө аракет кылат. Кызмат көрсөтүүлөрдүн, тейлөөнүн жана өнүгүүнүн сапаты боюнча жалпы корпоративдик белгиленген максаттар *“БАКАЙ БАНК” ААКтын кардарларын тейлөө сапатынын стандарттарында* берилген.

21. Кызматкерлер Банктын кардаларынын жана контрагенттеринин кайсы болбосун тобокелдиктерин төмөндөтүү үчүн бардык аракеттерин жумшоолору керек. Ошол эле учурда кардарлардын жана контрагенттердин тобокелдиктерин төмөндөтүү Банктын тобокелдиктеринин жогорулоосуна алып келбеши керек.

22. Банк келишимдик милдеттенмелердин аткарылышына аракет кылат жана иштиктүү мамилелерди ыйык тутат. Банкт төмөнкүлөрдү жасайт:

- өз ара урматтоого жана өз ара пайдалуулукка негизделген келишимдерди түзүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт;
- талаш кырдаалдар келип чыккан учурда өз ара кабыл алына турган жана адилеттүү чечим иштеп чыгууга аракет кылат.

23. Банк КРдин кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүү жөнүндөгү мыйзамын кыйшаюусуз аткарууга, мыйзамдуу ишмердик жүргүзүшкөн жана кирешелерди мыйзамдуу булактардан гана алышкан кардарлар, контрагенттер менен иш алып барууга аракеттенет.

24. Банк мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен мамиле түзүүдө өзүн төмөнкүлөргө милдеттүү деп эсептейт:

- мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүлөрүн жарандардын, коомдун, мамлекеттин жыргалчылыгы үчүн жүргүзүлчү иштеги санаалаштар менен түзгөндөй түзүүгө;
- мамлекеттик органдардын КР колдонуудагы мыйзамдарына негизделген талаптарын толук өлчөмдө жана өз учурунда аткарууга;
- мамлекеттик органдардын жана сот органдарынын чечимдерине таасир этүү үчүн мыйзамсыз же адеп-ахлакка туура келбеген аракеттерди жасабоого.

25. Банктын кызматкерлери кардарлардын, контрагенттердин, мамлекеттик жана муниципалдык бийликтин өкүлдөрүнүн Банктын дарегине карата болгон сын пикирлерин, арыздарын жана дооматтарын кунт коюп карап чыгышат жана өз учурунда чараларды көрүшөт.

26. Банк эркин атаандаштыкты колдойт. Атаандаштары менен чынчылдыкка жана өз ара урматтого негизделген мамиле курат. Банк атаандаштарды өзүнүн өнүгүүсү үчүн кошумча дем берүүчүлөр катары карайт.

27. Банк бизнести жүргүзүүнүн цивилизациялуу ченемдери жана иштиктүү эрежелерди бузууга жол берилбеши керек деп эсептейт, анткени алдыга коюлган максаттарга жетүүгө тоскоол болот жана абройду жоготуу тобкелдигин жаратат.

## 6. Корпоративдик этика

28. Кызматкерлердин өзүн алып жүрүү этикасы.

28.1. Кызматкерлер Банктын беделинин негизи болуп саналышат. Ошондуктан жумуш ордунда же бош убакта жасалган кандай болбосун этикага жатпаган, коомчулукка каршы келген аракеттер Банктын аброюна шек келтириши мүмкүн.

28.2. Бардык кызматкерлер өз ара урматтоонун негизинде адамдын аброюна жана жеке жашоого болгон укугуна кылдат мамиле кылуулары керек. Бири-бирине, Банктын баалуулуктарына жана салттарына, анын акционерлерине, Директорлор кеңешинин жана Башкарманын мүчөлөрүнө сый мамиле кылуу ачык, адилеттүү жана толеранттуу жумуш атмосферасын түзүүгө мүмкүндүк берет.

28.3. Банкта жумуштун ишенимдүүлүгүнө жана коопсуздугуна коркунуч жарата турган тартип жана этика бузууларга, ошондой эле төмөнкүлөргө жол берилбейт:

- Банктын жана/же башка кызматкерлердин кызыкчылыктарына доо келтирүүчү, макулдашылбаган чечимдер;
- эмгек милдеттеринин системалык түрдө жана/же сапатсыз аткарылышы;
- Банк, анын кардарлары жана контрагенттери жөнүндөгү жашыруун, коммерциялык жана кызматтык маалыматтарды ачыкка чыгаруу;
- жумуш ордунда алкоголдук, наркотикалык же токсикалык мас абалда болуу;
- ченемдик эмес лексиканы колдонуу;
- эмгекти коргоо талаптарына кайдыгер мамиле кылуу же атайылап аткарбоо;
- кызматкерлерди басмырлоонун кайсы болбосун формалары, ошондой эле кесиптештерге, Банктын иштиктүү өнөктөштөрүнө же атаандаштарына сый эмес мамиле жасоо;
- Банктын кызматкерлеринин ортосундагы өз ара мамилелер ээлеген кызматынан же ишмердик жаатынан көз карандысыз түрдө өз ара урматтоо, өз ара жардам берүү, ачыктык жана ак ниеттүүлүк, командалык иш алып баруучулук принциптерине негизделип, кызматташууга багытталат;
- бири-бирине текеберчилик же кемсинтүү менен мамиле жасоого жана физикалык күч колдонууга жол берилбейт.

28.4. Банктын кызматкерлерине өз кесиптештерине карата төмөнкүлөрдү жасоого тыюу салынат:

- Банктын аймагында жана Банк уюштурган корпоративдик иш-чараларда орой, агрессивдүү мамиле жасап, мушташуу;
- кемсинткен, орой, ырайымсыз, адепсиз жана уятсыз сөздөрү колдонуу;
- психологиялык басмырлоо жана асылуу.

28.5. Банктын кызматкерлери өз ишмердигин жүргүзүү процессинде коррупцияга, коммерциялык пара берүүгө, ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдаланууга, атаандашсыз алып жүрүүгө, алдамчылыкка жана кандай болбосун формадагы кыянат пайдаланууларга келишкис мамиле кылуу стратегиясын кармануулары керек.

28.6. Банктын кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өз кызыкчылыгы үчүн же Банктын атынан коррупциялык иштерди жана башка укук бузууларды жасоодон жана/же аларга катышуудан оолак болуу;
- тегеректеги адамдар өз кызыкчылыгы үчүн же Банктын атынан коррупциялык иштерди жана башка укук бузууларды жасоого жана/же ошондой иштерге катышууга даяр экен деп ойлоп калышына түрткү берүүчү иштерди жасабоо.

28.7. Бийлик органдарына жана кардарларга сунушталчу маалыматтарды, отчетторду жана башка документтерди атайылап бурмалоого тыюу салынат. Жалган маалыматтарды жайылтууга, фактыларды жашырууга же бурмалоого, кызматтык милдеттерин аткарууда же жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүү учурунда алынган маалыматтарды туура эмес багытта колдонууга жол берилбейт.

28.8. Банктын кызматкерлери купуялуу маалыматтын колдонулушун болтурбоо максатында аны ошол маалымат жалпыга ачыкталганга чейин ачыкка чыгарбоосу керек. Ошондой маалыматка ээ болгон кызматкер аны жакындарына же башка адамдарга билдирбеши керек. Купуялуу маалыматты ачыкка чыгарбоо жөнүндө милдеттенме Банкта жумуш аяктагандан кийин дагы аткарылышы керек.

28.9. Кызматкер массалык маалымдоо каражаттарына Банктын ишмердиги, жетекчилиги, түздөн-түз жетекчилери, кесиптештери жана өнөктөштөрү тууралуу Банктын беделине жагымсыз таасир этүүсү мүмкүн болгон сөздөрдү, ойлорду жана баа берүүлөрдү ачык түрдө айтпашы керек. Кызматкер ЖМК өкүлдөрү кайылган учурда ал тууралуу токтоосуз түрдө Маркетинг жана бизнести өнүктүрүү башкармалыгына билдириши керек.

28.10. Банк кызматкерлери КР мыйзамдарында тыюу салынбаган кайсы болбосун диний, саясий же коомдук иштер менен алектене алышат, ал иштерди кызматтык милдеттерин аткаруудан бош убактысында, жумуш ордунан тышкары жерде жасоолору керек.

28.11. Банк кызматкерлери өздөрүнүн саясий, диний же коомдук иштерин жүргүзүү үчүн Банктын атын, финансылык, материалдык же башка ресурстарын колдонбоолору керек.

28.12. Банк кызматкери интернетти жана корпоративдик почтаны жеке максаттары үчүн колдонбошу керек. Эгерде Банк кызматкеринин кызматтык милдеттерине жумушчу материалдарды жайгаштыруу, Банктын өкүлү катары билдирүүлөр, комментарийлер менен чыгуу кирген эмес болсо, анда ага андай иштерди жасоого тыюу салынат.

28.13. Жумуш ордунда жалпы тартипти жана тазалыкты сактоосу керек, Банк кызматкеринин ишмердигине тиешеси жок буюмдар орун албашы керек. Жумушчу папкалар жетүү оңой болгондой шартта текчелерге жайгаштырылышы керек. Фронт-офистин кызматкерлеринин жумуш ордунда же операциялык залда ашкана буюмдарынын болуусуна тыюу салынат. Тамактанууларды уюштуруу түшкү тыныгуу учурунда гана жүргүзүлүшү керек.

28.14. Кызматкер Банктын кардарларын тейлеп иштесе, анда ал жумуш ордун операциялык зал ачылганга чейин даярдашы керек.

28.15. Фронт-офистин кызматкерлери жана кардарларды тейлөөгө катышышкан башка кызматкерлер тейлөө боюнча жумуш убактысын оптималдуу пайдаланганууну шарттай турган тамактануу тизимин өз алдынча түзүп алуулары керек. Банктын кардарларын тейлөөнүн башталуу жана аяктоо убактысы, ошондой эле биринчи жана экинчи нөөмөттүн иштери Банк Башкармасынын Төрагасынын атайын буйруктары менен жөнгө салынат.

28.16. Кызматкер эмгек тартибин сакташы керек. Түзүлгөн кырдаалдар тартиптин бузулушуна алып келген учурларда кызматкер ал тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине билдириши керек. Ошол эле учурда кызматкер андай кырдаалдарды болтурбоого аракет кылышы керек.

28.17. Банктын кызматкери Башкарманын Төрагасы же Башкарманын Төрагасынын Орун басары ташырма берген учурда гана массалык маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен Банктын өкүлү катары аңгемелешет жана/же массалык маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө Банктын ишмердигине тиешелүү болгон маалыматтарды берет.

29. ***Жетекчилердин өзүн-өзү алып жүрүү этикасы.***

29.1. Бардык деңгээлдердеги жетекчилер өзүн алып жүрүүдө этикалык жүрүм-турум, коррупцияга каршы КР мыйзамдарынын, Банктын ички ченемдик документтеринин, ошону менен бирге ушул Кодекстин талаптарын сактоо жагынан үлгү көрсөтүп турушу керек.

29.2. Бардык деңгээлдердеги жетекчилер өз милдеттерин аткарууда төмөнкүдөй болуусу керек:

- Банктын кызыкчылыктарын коргоо, ак ниеттүүлүк менен иштөө, өзүнүн кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн ар дайым жогорулатып туруу;
- лидердик сапаттарды көрсөтүү, өзүн үлгүлүү алып жүрүү, иштиктүү этиканы, жалпы кабыл алынган ченемдерди жана эрежелерди сактоо;
- кызматкерлерге сый мамиле кылууга, алардын укуктарын сактоого, өзүнүн башкаруучулук ишмердигинде кызматкерлердин ар намысына шек келтирүүчү усулдардын колдонулушуна жол бербөө, негиздүү жана мыйзамдуу чечимдерди кабыл алуу;

- өзүнүн кесиптик ишмердигинде иштиктүү баарлашуу стандарттарын сактоо, өнөктөштөр жана контрагенттер менен өз ара иш алып барууда Банктын иштиктүү беделин сактоо;
- материалдык зыян же беделди жоготууга алып келиши мүмкн болгон шектүү операцияларга (бүтүмдөргө) Банктын катышуусуна жол бербөөгө;
- Банк кызматкерлеринин арасында келип чыккан кызыкчылыктар кагылышынын алдын алуу жана жөнгө салуу боюнча бардык керектүү чараларды көрүү.

29.3. Банктын жетекчилери жана жетектөөчү кызмат адамдары өз кызматкерлери үчүн кесипкөйлүүлүктүн, кынтыксыз беделдүүлүктүн үлгүсү болуулары керек, Банкта жана өзүнүн бөлүмүндө натыйжалуу иштөө үчүн жагымдуу моралдык-психологиялык абал түзүүгө аракеттенип, чынчылдыктын, адилеттүүлүктүн үлгүсүн көрсөтүүлөрү керек.

30. ***Жетекчилер менен кызматкерлердин ортосундагы өз ара мамилелердин этикасы***

30.1. Жетекчилер менен кызматкерлердин ортосундагы өз ара мамилелер жетекчиликтин кызматкерлерге карата ачык болуу, кызматкерлер өздөрүнүн милдеттерин аткаруулары үчүн алардын бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо, кызматкерлердин демилгелерин колдоо, алардын иштеринин өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жана алардын иштеринин жыйынтыктарн адилеттүү баалоо принциптеринде курулган.

30.2. Кызматкерлердин жетекчилер менен өз ара мамилелери төмөнкү принциптерге негизделет: сый мамиле кылуу, тартипти жана субординацияларды сактоо, өзүнүн түздөн-түз кызматтык милдеттерин, ошондой эле жетекчиликтин кызматтык нускамаларда көрсөтүлбөгөн, бирок Банктын түзүмдүк бөлүмчөсүнүн ишмердик жаатына тиешеси бар болгон башка тапшырмаларын аткаруу

## 7. Корпоративдик стиль

31. Банк өзүнүн алдында турган максаттарга жетүүдө абройду маанилүү инструмент катары карайт. Кызматкерлердин ээлеген кызматынан көз карандысыз түрдө Банктын кызматкерлеринин аброюн колдоо жана корпоративдик маданияттын талаптарын сактоо боюнча күн сайын жасалчу иштер алардын негизги кесиптик милдеттеринин бири болуп саналат.

32. Кызматкер баарлашуунун деңгээлинен, түрүнөн жана ыкмасынан көз карандысыз түрдө, ага кардарлар жана иштиктүү өнөктөштөр орой кайрылган учурда аларга чыдамкайлык менен, сылык мамиле кылууга аракеттениши керек. Кызматкер өз милеттерин аткаруу процессинде өзүнө карата болгон орой мамилелердин бардыгы тууралуу токтоосуз түрдө өзүнүн түздөн-түз жетекчисине билдирүүгө милдеттүү.

33. Банк кызматкерлерине өзүнүн кесиптештерине карата төмөнкүлөрдү жасоого тыюу салынат:

- Банктын аймагында жана Банк тарабынан уюштурулган корпоративдик иш-чараларда оройлук жасоого, агрессия кылууга жана кол көтөрүүгө;
- дискриминациялоочу, кемсинтүүчү, адепсиз, ээн баш, орой жана агрессивдүү сөздөрдү айтууга;
- кайсы формадагы болбосун психологиялык басым колдонууга.

34. Кызматкерлерге Банктын беделине шайкеш келүүчү иштиктүү стилдеги кийим кийүү сунушталат. Кызматкердин тышкы келбети “БАКАЙ БАНК” ААКтын кызматкерлеринин тышкы көрүнүшү жөнүндөгү жободо келтирилген талаптарга дал келүүсү керек.

## 8. Банктын мүлктүнүн сакталышын камсыздоо

35. Банк кызматкерлери Банктын мүлкүн акылдуулук менен сарамжалдуу пайдаланып, алардын жоголушун же максатсыз пайдаланышын болтурбоолору керек. Банктын мүлкү кызматкерлердин кызматтык максаттарына жетүүлөрүнө көмөк көрсөтүү үчүн арналган.

36. Банктын мүлкүн коргоо жана аларды тиешелүү түрдө колдонуу максатында кызматкерлерге төмөнкүлөр сунушталат:

- Банктын мүлкүнүн уурдалышына, бузулушуна же тиешелүү түрдө колдонулушуна жол бербөө максатында аярлык менен колдонууга;

- Банктын мүлкү уурдалган, бузулган же максатка ылайыксыз пайдаланылган фактылар тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине токтоосуз түрдө билдирүүгө;
- компьютердик системаны, маалыматтар базасын, байланыш каражаттарын жана жазылган материалдарды башка адамдардын мыйзамсыз жеткиликтүүлүгүнөн сактоого;
- Банктын мүлкүн, программалык продуктуларды жана коммуникациялык тармакты кызматтык милдеттерди аткаруунун алкагындагы мыйзамдуу бизнес-максаттар үчүн гана колдонууга.

## 9. Коррупцияга каршы туруу маданияты

37. Банк кадрдык курамды (ошону менен бирге жетекчилик курамды) түзүүдө чынчылдык жана объективдүүлүк принциптерин жетекчиликке алат: Банктын кызматкерлери жогорку кызматтарга алардын иштиктүү сапатына ылайык гана дайындалышат.

38. Банктын бардык кызматкерлери ээлеген кызматтарынан көз карандысыз түрдө ак ниеттүүлүк менен, акылдуулук менен жана Банктын кызыкчылыктарын эске алуу менен иш алып барууга милдеттүү. Банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү коррупцияга жана коммерциялык пара алууларга, Банктын бардык деңгээлдеринде коррупциянын кайсы болбосун формаларынын болуусуна жол берилбей тургандыгынын үлгүсүн көрсөтүшөт.

38. Банк мурда коррупциялык ишке тартылышкан же тартылышы мүмкүн болгон контрагенттер менен иштиктүү мамилелердин тобокелдигин азайтуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрөт:

- потенциалдуу контрагенттердин, алардын акционерлеринин жана башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн коррупцияга жасаган мамилесин, ошондой эле аларда ошондой документтердин бар экендигин текшерип чыгат;
- аларга Банктын коррупцияга каршы жааттагы принциптери жана талаптары жөнүндө маалымдайт;
- алардын коррупцияга каршы жааттагы принциптерди жана талаптарды сактоого, ошондой эле коррупцияга жол бербөө үчүн өз ара кызматташууга даяр экендиктерине көңүл бурушат.

39. Банк өз кызматкерлеринин мамлекеттик кызматкерлер менен коррупциялык жогорку тобокелдик жаатында кызматташуу маселелерине өзгөчө көңүл бурат. Бул үчүн Банкты юридикалык жоопко тартылышына жол бербөөгө багытталган чараларды көрөт, ошондой эле төмөнкүлөргө тыюу салат:

- мамлекеттик кызматкерге жана/же башка адамдарга Банктын атынан жана Банктын кызыкчылыгы үчүн акча каражаттарын, баалуу кагаздарды, башка мүлктү берүүгө, сунуштоого же убада кылууга, ага мүлктүк мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүүгө, ошол кызматкердин ээлеген абалына байланыштуу аракеттерди жасагандыгы (жасабагандыгы) үчүн анын кызыкчылыгында мүлктүк укуктарды берүүгө;
- мамлекеттик текшерүүчү кызматкерлерге жана/же башка адамдарга кандай болбосун белектерди берүүгө же берүүгө аракеттерди жасоого.

40. Банктын кызматкерлери Банктын коррупциянын алдын алуу жана ага каршы туруу жаатындагы белгиленген талаптарын аткарууга, ошондой эле төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Банктын атынан өзүнүн кызыкчылыгында же Банктын кызыкчылыгында коррупциялык жана башка укук бузууларды жасабоого жана/же андай иштерге катышпоого;
- айланадагы адамдарда Банктын атынан өзүнүн кызыкчылыгында же Банктын кызыкчылыгында коррупциялык жана башка укук бузууларга даяр экен деген ойду жарата турган аракеттерди жасабоого;
- Кыргыз Республикасынын коррупцияга жана коммерциялык пара берүүгө каршы туруу жаатындагы мыйзамдарын, ошондой эле кесиптик этиканы жана иштиктүү бизнес жүргүзүүнүн этикалык ченемдерин кыйшаюусуз сактоого;

- чет өлкөлөрдө өзүнүн функциялдык милдеттерин аткарууда же Банктын атынан ишмердик жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарын, ошондой эле ушул Кодекстин талаптарын сактоого;
- Банктын кызматкерлери же кардарлары тарабынан коррупциялык бузуулар жасалгандыгы жөнүндө шектенүүлөр жаралган учурда ал факт боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмчөлөр тарабынан кызматтык иликтөө жүргүзүүсү үчүн өзүнүн түздөн-түз жетекчисине билдирүүгө.

39. Коррупциялык жана башка укук бузуулар үчүн Банкта тартиптик, административдик эгмектик жаза чаралары, КР мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилик чаралары, ошондой эле Банктын ички ченемдик документтерине ылайык корпоративдик таасир берүү чаралары колдонулат.
40. Банкта коррупциялык аракеттер тууралуу шектенүүлөр жаралган учурда Коопсуздук башкармалыгы жана Экономикалык коопсуздук бөлүмү тарабынан кызматтык иликтөөлөр жүргүзүлөт.

## 10. Ушул Кодекстин талаптарынын бузулушу

45. Кызматкерлердин укукка каршы келген аракеттеринин, ошондой эле алардын ушул Кодекстин талаптарын бузууларынын натыйжасында Банкка айып пулдар салынып, чыгым келтирилип, чыгымдын/зыяндын ордун толтуруп берүү жөнүндө доо-арыздар коюлуп, бизнес коомчулугу алдында Банктын иштиктүү беделинин төмөндөөсүнө алып келиши мүмкүн.
46. Кызматкерлер КР мыйзамдарынын же ушул Кодекстин бузулгандыгы же бузулуусу болжолдонуп жаткандыгы тууралуу билдирген учурда ал билдирүү тыкыр жана объективдүү иликтенип чыгат.
47. Ушул Кодекстин бузулган ар бир учуру бардык жагдайларды эске алуу менен каралып чыгышы керек. Ушул Кодексти бузган кызматкерге карата тартиптик жаза колдонуу жөнүндөгү акыркы чечим чыгарылганга чейин ага өз пикирин айтуу мүмкүндүгү берилиши керек.
48. Ушул Кодексти бузгандыгы үчүн кызматкер КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## 11. Корутунду жоболор

49. Бардык кызматкерлер өзү жайгашкан жеринен көз карандысыз түрдө, Банктын атынан иш алып барган учурда ушул Кодексте камтылган стандарттарды сакташы керек.
50. Ушул Кодекс Банктын ар бир кызматкеринин эмгек келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Банктын ар бир кызматкери Кодекс менен таанышуу барагына кол коюу аркылуу таанышып чыгышы керек.
51. Ушул Кодексти сактоо үчүн жоопкерчилик Банктын бардык кызматкерлерине карата жайылтылат.
52. Ушул Кодекстин талаптарынын аткарылышын контролдоо Банктын Башкармасына жүктөлгөн.
53. Ушул Кодекс, ошондой эле ага киргизилчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет жана төмөнкү таблицада көрсөтүлөт:

| №п/п | Өзгөртүү датасы | Өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду киргизүү үчүн жооптуу адамдын толук аты-жөнү, кызматы | Өзгөртүүлөрдүн/толуктоолордун кыскача баяндамасы |
|---|---|---|---|
| | | | |